**ТОКТОМАМЕТОВ А. Д.,**
*КББА*

# ПОЛЬШАДАН АЛЫНГАН САБАКТАР ЖЕ БИЛИМ БЕРҮҮНҮ ЖАКШЫРТУУ ЖОЛДОРУ

**Аннотация**

Макалада Польша мамлекетинин билим берүү системасы, анын алгылыктуу жактары тууралуу сөз болот. Мугалимдердин статусу, категориялары, аларды колдоо, мугалимдердин адистигин жогорулатуу, бул багыттардагы алдыңкы тажрыйбалар макаланын өзөгүн түзөт. Ошондой эле макалада ачык билим берүү ресурстары, анын ичинде электрондук окуулуктар, аларды даярдоо, басуу жол-жоболору талдоого алынат.

**Аннотация**

В статье речь идет о преимуществах образовательной системы Польши. Основное содержание статьи посвящено статусу и категориям учителей, системе поддержки, повышению квалификации учителей, передовым опытам в системе образования. А также в статье проанализированы открытые образовательные ресурсы, в том числе электронные учебники, процедура подготовки и издания учебников.

**Annotation**

The article focuses on the benefits of the educational system in Poland. The main content of the article is devoted to the status and categories of teachers, support system, teacher improvement, excellence in the education system. And also in the article analyzed the open educational resources, including online tutorials, the procedure for preparing and publishing textbooks.

**Түйүндүү сөздөр**: Билим берүү системасы, ачык билим берүү ресурстары, электрондук окуу материалдары, мугалимдин статусу, мугалимдердин адистигин өркүндөтүү, аттестациядан өткөрүү, баалоо.

**Ключевые слова**: Система образования, открытые образовательные ресурсы, электронные учебные материалы, статус учителя, повышение квалификации учителей, аттестация, оценивание.

**Keywords**: The system of education, open educational resources, e-learning materials and status of teachers, teacher training, certification, evaluation.

Кыргызстандан атайын топ 2015-жылдын 21-июлунан 26-июлуна чейин Польша мамлекетине барып келдик. Иш сапардын максаты Польшанын билим берүү системасы жана ачык билим берүү ресурстары жаатындагы алдыңкы тажрыйбасы менен таанышуу эле.

Бүгүнкү күндө дүйнөдө ачык билим берүү ресурстары (анын ичинде электрондук да) жаатында Польша менен Бразилия зор ийгиликтерге жетишүүдө. Мурда социалисттик жолду басып өтүп, бир системада болгондугун, кайсы бир деңгээлде жакындык бар экендигин эске алуу менен, Польша тандалып алынды. Экинчиден, Польша акыркы кезде билим берүү системасында зор реформаларды ишке ашырып, эл аралык PISA баалоо системасында 2000-жылдан бери ири ийгиликтерге жетип, акыркы орундардан 12-орунга көтөрүлө алган өлкө, Европада билим берүүнүн сапаты боюнча 5-орунда турат.

Анда Польшанын билим берүү системасы тууралуу азыноолак сөз.

Алгачкы 3 жыл (0-3 жаш) балдарды эрте жашынан өнүктүрүү борборлору деп аталып, алар үчүн Билим берүү министрлиги жооптуу эмес. Үч жаштан баштап балдар бакчага алынат, 5 жаштан баштап балдар бакчада толук күн болушат. Бакчаларга балдардын 70%дан ашыгы тартылган.

Польшада балдарды мектепке даярдоо программалары да кеңири жайылган. 2004-жылдан баштап 6 жаштагы балдар мектепке даярдоо программаларына тартылса, 2011-жылдан тарта 5 жаштан мектепке даярдоо ишке ашып келет.

Башталгыч мектепке мурда балдар 7 жаштан алынса, кийинки кезде 6 жаштан алына баштап, учурда ал 6 жыл, буга чейин башталгыч билим берүү 8 жыл болгон. Башталгыч мектеп 2 бөлүктөн (1-3-класстар, 4-6-класстар) турат. Биринчи баскычта өз-өзүнчө окуу предметтери болбостон, алар жуурулушкан (интеграцияланган) окуу предметинен турат, экинчи баскычта өз алдынча окуу предметтери бар. Башталгыч мектеп өзүнчө имаратта, бакчанын имаратында же жалпы мектепте бөлүк катары болот. Башталгыч мектепти бүткөндөр тест тапшырышат.

Башталгыч мектептен кийинки 3 жыл гимназия деп аталып, аны бүтүрүүчүлөр сынак тапшырышат да, анын натыйжасына жараша үч багытта окуусун улантса болот:

1) Орто мектеп, ал 3 жыл, аны бүтүргөндөр сынак тапшырып, бүтүрүү аттестатына (матура) ээ болушат.

2) Кесиптик-техникалык окуу жайы (училища), аны аяктагандар бүтүрүү аттестатын алышпайт.

3) Техникум, мында бүтүрүү аттестатын да, кесип да алышат, ал төрт жылга созулат.

Андан кийин жогорку билим кетет.

Польшада жеке менчик мектептер көп. Бул мектептер билим берүүнүн мамлекеттик стандартын аткарышса, мамлекеттен толук дотация алышат.

Польшанын мектептик билим берүү системасындагы бизге үлгү боло турган айрым алгылыктуу жактарына кыскача токтолуп кетсем.

1. *Мугалимдерди колдоо.*

Бул маселе Польшада жакшы жолго коюлган. Мугалимдер төрт категорияда болушат.

1) Стажер (болжолдуу 9 ай)
2) Контракт менен иштөөчү (болжолдуу 3 жыл)
3) Дайындалган (болжолдуу 3 жыл)
4) Дипломдуу (болжолдуу 3 жыл)

Кийинки деңгээлге өтүү үчүн атайын комиссиялар жана тышкы эксперттер иштешет. Ар бир деңгээл ар башка субъектилер тарабынан таанылат, буга жараша комиссиялардын курамы да ар башка болот. Дипломдуу мугалим деңгээлине жетүү үчүн болжолдуу 10 жыл талап кылынат.

Жөндөмдүү, таланттуу дипломдуу мугалимдер «Профессор мугалим» наамын жана аны менен бирге 6 айлык эмгек акы суммасында акча каражатын бир жолу алалышат. Алар ошондой эле өз предметтери боюнча эксперт да боло алышат. Бул наам жыл сайын Мугалимдер күнүндө (14-октябрь) болжолдуу 20 мугалимге берилет.

2. *Адистикти өркүндөтүү.*

Кыргызстанда мугалимдер 5 жылда бир жолу адистикти жогорулатуу курсунан өтүүгө милдеттүү, ал эми Польшада мугалимдер кайсы бир мезгил ичинде курстардан өтүүгө милдеттүү эмес. Ага карабастан, мугалимдердин адистигин өркүндөтүү абдан жандуу, жигердүү да өнүгүүдө. Акыркы маалыматтар боюнча Польшада ийгиликтүү иштеп жаткан 494 адистикти жогорулатуу борбору, андан сырткары 728 психологиялык-педагогикалык кеп-кеңеш берүүчү кызмат, 278 педагогикалык китепкана бар. Бул түзүмдөр бири-бири менен абдан тыгыз кызматташтыкта иштешет.

Адистикти жогорулатуу жаатында бир типтүү, окшош система жок. Адистикти өркүндөтүү менен Билим берүү министрлигине караштуу атайын түзүмдөр да, жергиликтүү бийлик органдары да, өкмөттүк эмес уюмдар да алектенишет. Мында чыныгы атаандаштык.

Ушул жылдан баштап Польша адистикти жогорулатуунун жаңы системасына өтүүдө. Ага ылайык, мурдагыдай жеке мугалимдердин адистигин жогорулатууга эмес, бүтүндөй мектептин дараметин жогорулатууга басым жасалат. Бул олуттуу жаңылык болуп саналат. Анткени, жеке мугалимдин адистигин жогорулаткан учурда аны директор да, окуу бөлүмүнүн башчысы да, ал тургай, кесиптештери да түшүнбөй, карама-каршылык

жаралган учурлар бар. Билимин өркүндөткөн жалгыз мугалим үйрөнгөндөрүн тажрыйбасына киргизүүдө тоскоолдуктарга учурайт, аны башкалар түшүнө беришпейт. Анткени алар өздөштүрүп үйрөнгөндү башкалар биле беришпейт, алар бул адистикти жогорулатуу курстарынан өткөн жок да.

Польшада Билим берүү министрлигине караштуу Борбордук экзамендик комиссия бар. Жер-жерлерде анын 8 округдук бөлүмү жыл сайын бардык мектептердеги башталгыч мектепти (6-классты) бүткөн балдардан тест (текшерүү иштерди) жана 9-классты бүткөн балдардан стандарттын негизинде сынак алат. Алтынчы классты бүткөндөрдөн алынган тест балдардын андан аркы окуусуна таасир этпейт, бирок тогузунчу класстан кийинки экзамен балдардын окуусун андан ары улантуусуна таасир этет.

Бул баалоо иш-чараларынын негизинде бүтүндөй Польша боюнча мектептердин күчтүү жана алсыз жактары аныкталып, натыйжада бүтүндөй мектептин дараметин көтөрүү, адистикти жогорулатуу жаатында иш жүрөт.

Мектепти колдоо системасы 4 баскычта ишке ашат:

1) Мектептин муктаждыктарын талдоо.
2) Анын натыйжасында мугалимдердин адистигин жогорулатуу, буга көптөгөн атаандаш түзүмдөр катышат.
3) Мектепте аткарыла турган башка иштердин (ата-энелер менен иштөө, ачык сабактар) көлөмүн аныктоо, аларды аткаруу, мында түрдүү эксперттер жардамга келишет.
4) Муктаждык канчалык аткарылгандыгын баалоо жана андан аркы иштердин планын иштеп чыгуу.

Ошол эле учурда өз билимин өркүндөтүү катары айрым мугалимдердин, бир мектептен бир нече мугалимдин адистигин жогорулатуу да иштей берет.

Мугалимдердин адистигин өркүндөтүүнүн каржы маселесин чечүүгө алардын айлык акысынан 1%ы бөлүнөт. Варшава шаарындагы Инновация жана адистикти өркүндөтүү борборунун мисалында карасак, мугалимдердин айлык акысынан кеткен 1% каражат төмөнкүдөй бөлүштүрүлөт:

- Мектеп директоруна – 0,5%
- Кичи районго – 12%
- Билим берүү бөлүмүнө – 10%
- Аталган борборго – 28% кетет, бул болжолдуу 1 млн АКШ долларын түзөт.

Жыл сайын министр билим берүү, анын ичинде адистикти жогорулатуу жаатында артыкчылыктуу жана негизги багыттарды жар салат. Адистикти жогорулатуу борборлору аларды жетекчиликке алат.

Жыл башында адистикти өркүндөтүү түзүмдөрү өз кызматтарынын, курстарынын тизмесин өз сайттарына, жалпыга маалымдоо каражаттарына жарыялашат, өзүнчө китепче кылып чыгарышат. Ошондой эле жыл ичинде адистикти жогорулатуу курстарына катышуучулардын талаптарын эске алуу менен, курстарга өзгөртүүлөр киргизилет. Андан сырткары чыгармачыл мугалимдер, адистер, топтор өз курстарын ар дайым сунуш кыла алышат. Курстарды өткөрүүгө тажрыйбалуу «Профессор мугалимдер» да катышышат. Курстар негизинен акысыз болот, бирок акы төлөнгөн курстар да бар.

Мектептер узак мөөнөттүү баалоо боюнча адистикти жогорулатуу борборлоруна тапшырык (заказ) бере алышат.

Мугалимдердин адистигин жогорулатуу курстары 1 күндөн баштап 240 саатка чейин созулат. Алар түрдүү багыттарда болуп, жогоруда белгилегендей, мектептердин муктаждыгына багытталат. Предметтик адистикти жогорулатуудан баштап, мамлекеттин, шаардын, райондун артыкчылык багыттары (мисалы, Европа менен жуурулушуу, кызматташуу, адам укугу, басмырлоону болтурбоо, поляк тилин билүү ж.б.), мектептин жамаатынын ичиндеги карама-каршылыктар, мигранттардын балдарынын көйгөйлөрү сыяктуу маселелерди камтыйт.

Курстарга мугалимдер гана эмес, балдар менен иштеген өкмөттүк уюмдардын (социалдык коргоо, укук коргоо ж.б.) өкүлдөрү, түрдүү комиссиялардын мүчөлөрү, ата-энелер, жаштар да катыша алышат.

*3. Окуулуктар маселеси.*

Башталгыч мектептин биринчи баскычында, б.а. 1-3-класстарында өз-өзүнчө окуу предметтери болбостон, алар жуурулушкан (интеграцияланган) абалда, натыйжада бир чейрекке жуурулушкан бир эле китеп чыгарылат. Ошондо бир жылга 4 китеп чыгат, бала мектепке бир гана китепти көтөрүп барат. Бул класстар үчүн мамлекет бирдиктүү окуу китептерин бекер чыгарат.

Төртүнчү класстан баштап атаандаш окуулуктар колдонулат, алар эркин сатылат. Ата-энелер окуу китептерин тандап алышат, мамлекеттин эсебинен алар үчүн компенсация каралат. Мурда мугалимдер тандап, ата-энелер сатып алып келген.

Окуу китебинин кол жазмасын басылмалар, авторлор топтору даярдашат да, министрликке алып келишет. Министрликте эксперттердин тизмеси түзүлгөн, алардын ичинен материалдын мазмуну боюнча 2, поляк тили боюнча 1 эксперт дайындалат. Бул үч эксперт кол жазманы жактырса, ал министрдин буйругу менен бекитилет жана чыгарууга жол ачылат.

Кийинки кезде ачык билим берүү ресурстарына, электрондук окуулуктарга, окуу материалдарына көп көңүл бурулууда. Бул үчүн атайын Билим берүүнү өнүктүрүү борбору түзүлүп, жаңы долбоор ишке кирген. Ага ылайык, 62 электрондук окуу китеби даярдалып, тиешелүү сайттарга акысыз илинет. Мында автордук укукка карата абсолюттук эркин лицензия болот. Бул аларды каалаган адам акысыз алып пайдалана алат дегенди билдирет.

Жыйынтыктап айтсак, мугалимдердин статусунда да, аларды колдоо, адистигин жогорулатуу тутумунда да, окуу китептерин даярдоо, басып чыгаруу, окуу китептери менен камсыз кылуу жаатында бизде көйгөйлөр абдан курч турат. Албетте, башка мамлекеттин тажрыйбасын көздү жумуп туруп эле көчүрүп алууга болбойт. Анын алгылыктуу жактарын өзүбүздүн шартка ылайыктап өзгөртүп, ыңгайлаштырып, өркүндөтүп туруп алууга тийишпиз.

**Адабияттар**


1. The System of Education in Poland. – Warsaw 2014.
2. Jakob Schuiringa. Learn for Lif. 12 B Educated 2008.
3. http://www.ore.edu.pl
4. http://www.wcies.edu.pl
5. https://men.gov.pl